# ПЕДАГОГИКАЛЫК РЕФЛЕКСИЯНЫН ӨНҮГҮҮСҮНӨ БАГЫТТАЛГАН КӨНҮГҮҮЛӨРДҮН КОМПЛЕКСИ

**СУЛТАНАЛИЕВА Ш.К.**

Жаңылануунун системалуулугун камсыз кылуу үчүн ар бир педагог кесиптик ишмердигиндеги өзгөрүүлөргө адаптацияланууга, өзүн өзү жана курчап турган дүйнөнү түшүнүүнүн калыптанган жөндөмүнө ээ болууга, өз билимин тынымсыз тереңдетүүгө жана практикалык ишмердикке даяр болууга тийиш экенин белгилөө зарыл. Ушуга байланыштуу рефлексия – педагогдун өз аң-сезиминдеги жана ишмердигиндеги кубулуштарды таанып билүүсү жана анализдөөсү, башкача айтканда, өз ойлоруна жана аракеттерине сырттан көз караш педагогикалык ишмердиктин эң маанилүү компоненти болуп эсептелет. Педагогдун педагогикалык рефлексиясы — бул субъектинин өзүн өзү жөн гана билүүсү же түшүнүүсү эмес, «рефлексиялануучуну» башкалар кантип билишсе жана түшүнүшсө ошону аныктап-тактоосу, анын инсандык өзгөчөлүктөрү, эмоционалдык реакциялары жана когнитивдүү (тааным менен байланышкан) элестетүүлөрү.

Р.Каммингстин изилдөөлөрүндө өзүн баалоого ээ педагогдордо өзүндө окуучунун инсандыгына зыяндуу таасир кылууга жөндөмдүү ачык-айкын терс дараметти камтыган түзүлүштөр айкындалган. «Өздүк стилин мүнөздөө үчүн алар төмөнкү ырастоолорду тандашкан:

1. Сени сүйбөгөн окуучуларга терс мамиле кылуу;
2. Бардык мүмкүнчүлүктөрдү колдонуп, окуучуларга оорчулуктарды түзүү, анткени бул жеңилденүүгө жол бербейт;
3. Окуучуларда өз жаңылыштыктары үчүн айыптуулук сезимин жаратып, аларды окууга түртмөктөө;
4. Окуу ишмердүүлүгүн мүмкүн болушунча атаандаштык күрөштүн негизинде куруу;
5. Окуучулардын сынактардагы чынчыл эмес жүрүм-туруму ыктымалдуулугунан чыгуу;
6. Окуучуларды чоң турмуштун катаал реалдуулугу менен бетме-бет кагыштыруу;
7. Катаал тартип орнотууга умтулуу;
8. Окуучуну жазалоо даражасын анын айыбына теңдеш көбөйтүү». (1)

Илимий изилдөөчүлөрдүн ою боюнча окуу ишмердүүлүгүнүн рефлексиясын бир жагынан аткарылуучу ишмердүүлүктү жана экинчи жагынан, бул ишмердүүлүктү жөнгө салуу каражаттарын пландуу аңдоого жөндөмдүүлүк катары аныктайбыз. Педагогдун чыгармачылык ишмердүүлүгүнүн маанилүү шарттарынын бири өздүк аң-сезимди, аракеттерди аңдаштыруу, өздүк «Менди» өзү таанып билүү, жана натыйжа катары, окуучулар, кесиптештер, коллектив менен туура мамилелерди орнотуу менен байланышкан рефлексиянын өнүгүүсүнүн бийик деңгээли болуп саналат.

Педагогикалык ишмердүүлүктүн рефлексиялуу мүнөзү окуучулардын ишмердүүлүгүн башкарып жатып, окутуучу өзүнө жана өз аракеттерине окуучулардын көзү менен карагандыгында (жана баалагандыгында) турат. Мындай рефлексиялуу башкарууда педагогдо окуучунун көз карашына туруу, анын ички дүйнөсүн, көрсөтмөлөрүн, окуу предметине гана эмес, педагогдун инсанынын өзүнө да мамилесин элестетүү билгичтиги калыптанат.

Көптөгөн илимий изилдөөлөрдүн натыйжалары «эффективдүү» педагогдор «эффективсиз» салыштырмалуу жогору өзүн баалоосу, өзүнө оң мамилеси, ашкере өзүн өзү сындоодон айырмаланышаары тууралуу айтышат. «Алар окуучулардын мен-концепциясына жана жетишүүсүнө оң таасир кылуу жөндөмдүүлүгүнө ээ. Өзүн ички сезимден кабыл алышкан педагогдор башкаларды да өтө жеңил кабыл алышат. Ошол эле учурда таанууга ынтаалуу педагогдор башкаларды көп четке кагышат... Өзүн оң кабыл алууга, өзүнө, өзүнүн

педагогикалык жөндөмдүүлүктөрүнө ишенгендикке ээ педагогдор башкалар менен өтө жеңил баарлашууга киришет да, сабакта алардын алдында турган милдеттерди кыйла майнаптуу чечишет».

И.В Бачковдун изилдөөсүндө өзүн кабыл алуунун жана башкалардын кабыл алуусунун өзгөчөлүктөрүн өнүктүрүүгө багытталган көнүгүүлөрдүн комплекстери белгиленет [2].

***«Өзүн сындоо» көнүгүүсү***

Ар бир адамда аны уникалдуу, кайталангыс, башкалардан айырмалуу кылып тургандар жөнүндө жеке түшүнүк бар. Мында эрксизден суроо туулат: айланасындагылар анын өзү тууралуу пикирин бөлүшөбү, башкалар ал өзүн кандай көрсө ошондой көрүшөбү? Берилген көнүгүү ушул суроону чечүүгө жардамдашат. Катышуучулар барактарды алышат, аларга кол коюшат жана үч вертикалдуу тилкеге бөлүшөт.

1-графа: «Мен киммин?». 10 сөздөр-эпитеттер. Жооптор тез, ойго кандай келсе ошондой жазылат.

2-графа: «Бул суроого сиздин ата-энеңиз, тааныштарыңыз кандай жооп берет эле?» (кимдир бирөөнү гана тандоого болот).

3-графа: ушул эле суроого тайпадан кимдир бирөө жооп берет. Ким жооп берерин катышуучу өзү аныктайт.

Анан ар бир катышуучу өз баракчасын алат, жоопторду салыштырат, мүнөздөмөлөрдүн окшоштугун белгилейт. Үстөмдүк кылуучу жүрүм-турум сызыгын ажыратууга болот – ал бардык үч мүнөздөмөдө тең кайталанат. Дал келүүлөрдүн саны эсептелет. Дал келүүлөрдүн саны адамдын ачыктык даражасын аныктайт.

***«Өнөктөштү элестетүү» көнүгүүсү***

Тайпа жуптарга бөлүнөт (жуптарга азыраак тааныш адамдар биригишет). Беш мүнөттүн ичинде ар бир катышуучу өз өнөктөшү менен маекте ал тууралуу болушунча көп маалымат алууга тийиш. Өзүн презентациялоодо төмөнкү суроолорду чагылтуу зарыл: мен өзүмдө эмнени баалайм, менин сыймыктанчу нерсем, мен эмнени баарынан жакшы жасай билем ж.б.

Презентациялар төмөнкүчө болуп өтөт: жуптун бир мүчөсү орундукка отурат, экинчиси колдорун анын ийнине коюп, аркасына турат. Турганы өзүн өнөктөшүнүн ысымы менен атап, отургандын атынан сүйлөйт. Сүйлөөчүнүн милдети – өз презентациясын туптуура бир мүнөткө созулгандай кылып куруу. Отурганды тааныштыруудан соң тайпанын каалаган мүчөсү сүйлөөчүгө ар кандай суроолорду берүүгө укуктуу, ал аларга отургандын атынан жооп берүүгө тийиш. Тааныштырылып жаткан адам процесске кийлигишүүгө жана эмнедир бир нерсени түшүндүрүүгө укуксуз, анын милдети – унчукпоо жана угуу.

*Сүйлөөчүгө суроолордун мисалдары:*

- Сен адамдардагы кандай сапаттарды көбүрөөк баалайсың?
- Сен эмнени эң жийиркеничтүү деп эсептейсиң?
- Сенин жашооңо күчтүү таасир кылган адам барбы?
- Ал кандай таасир?
- Сен жашоодо эмнеге жетишкиң келет?

*Талкуулоо.* Көнүгүүнү аткаруунун натыйжаларын талкуулоо учурунда төмөнкү жагдайларга көңүл бурулат: ал тууралуу өнөктөштөн алынган маалыматтарды туура жана кыска берүү жөндөмдүүлүктөрү; жетишпеген маалыматты ойлоп табуу үчүн башка адамга ушунчалык сүңгүү жөндөмдүүлүктөрү.

*Талкуулоо үчүн суроолор:*

- Өз өнөктөшүңдү презентациялоодун ийгиликтүүлүгүн баала.
- Сенин өнөктөшүң сен тууралуу маалыматтарды туура баяндай алдыбы?
- Ал сенин атыңдан берген жоопторду туура таба алдыбы?

***«Ролго биринчи сыноо» көнүгүүсү***

Катышуучулардын баары тегерек тарта коюлган орундуктарга отурушат. Орундуктардын бири бош, ал тегеректен бир аз ичкериде. Баары кезек менен бул орундукка – «презентация орундугуна» отурат, тайпанын калган катышуучулары орундукта кайсы бир ролдо отурган адамды элестетүүгө аракеттенишет.

*Алып баруучунун:* «Мен силерге өзүңөрдү кайсы бир фильмди тартканы жаткан кинорежиссерлор деп элестетүүнү сунуштайм. Презентация орундугунда отуруучу адамдардан ал же бул ролду аткарууга жарамдуу актёрлорду тандагыла. Кыздардын бири, мисалы, өзүнүн кебетесине, баарлашуу манерасына жана кебине, ошондой эле башка өзгөчөлүктөрүнө жараша Кар ханышасынын ролун жакшы ойнойт, бирок ага Кызыл топучандын же Күлчү кыздын ролу такыр ылайык келбейт. Ошентип, сиз өзүңүз байкоого үлгүргөн адамдын тышкы белгилерине жана жүрүм-турум өзгөчөлүктөрүнө ылайык кайсы роль ага көбүрөөк ылайык келерин аныктооңуз керек. Роль реалдуу болушу мүмкүн, башкача айтканда ал белгилүү чыгармалардын, кинофильмдердин, жомоктордун кейипкери боло алат. А балким, сиз өз сценарийиңиз боюнча таптакыр жаңы фильм тартаарсыз? Анда берилген адамды сиз ролуна тандаган эмне болгон каарман экенин сыпаттаңыз, анын жаш курагын, социалдык макамын (статусун), кесибин жана башка кээ бир мүнөздөмөлөрүн көрсөтүңүз».

«Презентация орундугуна» биринчи катышуучу чакырылат, калгандарына ал үчүн өз кинофильминен роль ойлоштуруу сунушталат. Алып баруучу зарыл болгондо катышуучуларга тактоочу суроолорду берет. Роль сыпатталып гана берилгенде же тайпанын бардык мүчөлөрүнө тааныш болбогондо бул өзгөчө маанилүү. «Презентация орундугунда» отурган катышуучу эч нерсе айтпайт, болгону башкалардын пикирин угат. Талапкердин мүмкүн болчу ролу жөнүндө так элес калыптангандар гана сүйлөшөт. Катышуучулардын баары «презентация орундугунда» болгон соң, ойлор менен толгонуулардын рефлексиясын жүргүзүү зарыл. Катышуучулардын ар бири ага сунушталган ролдор анын өзү жана өзүнүн «турмуштук ролдору» жөнүндөгү өзүмдүк элестетүүлөрүнө канчалык дал келгенин айтышканы маанилүү.

*Талкуулоо үчүн суроолор:*

• Сиздин пикириңизде, так дал келүүлөр болдубу?
• Кинорежиссерлор «көрүшкөн» кандай ролдор түшүнбөө же керек болсо каршылык жаратты?
• «Презентация орундугунда» отурганда сиз эмнени сездиңиз?
• Кинорежиссорго ар бир конкреттүү адамга көбүрөөк туура келүүчү ролду аныктоо оорбу?
• Кайсы учурларда бул жетишерлик жеңил болду? Эмне үчүн?

***«Жарнамалык ролик» көнүгүүсү***

*Алып баруучунун нускамасы:* «Жарнама деген эмне экени баарына жакшы белгилүү. Биз сыналгынын экранынан күн сайын көптөгөн жарнамалык роликтерди көрөбүз да, ал же бул товарды презентациялоо ыктары кандай түрдүү болорун түшүнөбүз. Биз баарыбыз жарнамаланган товарлардын керектөөчүлөрү болгондуктан, бизди кандайдыр бир даражада жарнама боюнча адистер деп эсептөөгө болот. Келгиле, биз мында кайсы бир товар үчүн өзүбүздүн жарнамалык роликти түзүүгө чогулдук деп элестетели. Биздин милдет – бул товарды калкка анын жакшы жактарын баса белгилегидей, аларды кызыктыргыдай кылып тааныштыруу. Бирок биздин жарнаманын объектиси буюмдар эмес, ушул жерде, ушул тегеректе отурган конкреттүү адамдар болушат. Силердин ар бириңер тайпанын бир катышуучусунун оюндук аты жазылган карточканы сууруп алат. Сизге өз ысымыңыз жазылган карточка туш келип калышы ыктымал, демек, сизге өзүңүздү жарнамалоого туура келет. Биздин жарнамада бир шарт бар: сиз жарнамалап жаткан адамыңыздын ысымын айтпайсыз. Ошентип, сизге адамды кайсы бир товар катары тааныштыруу сунушталат. Бул муздаткыч, шаар сыртындагы үй, самоор ж.б.у.с. болушу мүмкүн.

Жарнамалык роликте жарнамаланып жаткан объектинин эң маанилүү жана чыныгы наркы-баасы чагылтылууга тийиш. Ар бир жарнамалык роликтин узактыгы – бир мүнөттөн

ашык эмес. Андан соң тайпа жарнамада тайпанын мүчөлөрүнүн кимиси берилгенин табууга тийиш болот. Даярданууга беш мүнөт убакыт».

Көнүгүү оюнчулардын ар биринин аны жарнамалык роликте тааныштыруу боюнча жекече толгонууларын талкуулоо жана рефлексиялоо менен аяктайт.

***«Долбоорлук сүрөт» көнүгүүсү***

Катышуучулардын баарына «Мен кандай болсом, ошондоймун» темасында сүрөт тартуу сунушталат. Аткарууга 3-5 мүнөт берилет. Сүрөттөргө кол коюлбайт. Сүрөттүн техникалык иштелиши маанилүү эмес. Анан бардык сүрөттөр бөлмөнүн ортосуна жайылат. Алып баруучу сүрөттөрдүн бирин эркин тандайт, аны баарына көрүнгүдөй кылып коёт. Катышуучулар кезек менен сүрөттөн эмнени көрүшкөнүн айтышат, анан да формалдуу сыпаттоо эмес, сүрөттөн пайда болгон өзүмдүк туюмдарын: бул сүрөттү тарткан адам алардын пикиринде өзүн кандай көрөрүн беришет. Баары кезек менен сүйлөшөт. Сүрөттүн автору аталбайт. Бардык каалоочулар сүйлөп бүткөн соң автор ким экенин аныктоого аракеттенишет. Акыры автор өзүн атайт (эгер кааласа) жана өз сүрөтү менен эмне айткысы келгенин баяндайт, ага көбүрөөк жаккан репликаларды белгилейт. Калган сүрөттөр да ушундайча талкууланат. Талкуулоодо сүрөттөрдүн авторлоруна түшүндүрмөлөрү (интерпретациялары) жагып калгандарды белгилөө зарыл.

*Материалдар:* барактар, карандаштар, фломастерлер.

***«Менин портретим тайпанын көзү менен» көнүгүүсү***

Алып баруучу тайпанын катышуучуларына суроо менен кайрылат: «Араңарда өзүнүн психологиялык портретин алууну каалоочулар барбы? Артыкчылыктары менен кемчиликтери саналып кеткен жөн гана сөздүк портретти эмес, кагазда сиздин бейнеңизди абдан реалдуу сүрөттөөнү?». Каалоочулар табылат (1-2 адам), аларга «ысык орундукка» отуруу сунушталат. Тайпанын калган катышуучулары сүрөтчүлөр болушат. Алар тандалган катышуучулардын портретин кагазга түшүрүүсү зарыл. Алып баруучу тартуунун техникасын түшүндүрөт: «Тышкы окшоштукка умтулуунун кереги жок, силердин алдыңарда отурган адамдын даана психологиялык портретин түзүү зарыл. Бул үчүн жападан жалгыз принциптен чыгуу керек «Мен ушундай көрөм!» Мейли силердин сүрөттөр метафоралык мааниге жана кылдат подтекстке ээ болсун. Чектөөлөр жок, адамдын ички бейнесин сүрөттөө ыктарын тандоодо эркин болгула. Бул реалдуу буюм, кандайдыр бир оюу, абстракттуу орнамент же түс темгилдеринин топтому болушу мүмкүн. Жалгыз шарт – көнүгүү бүткүчө сүйлөшүүгө тыюу салынат».

Сүрөт тартуу 10-15 мүнөткө созулат. Алып баруучу ишти бөлүнгөн убакыт аяктаардан бир мүнөт мурда бүтүрүү зарылдыгын эскертет, андан соң сүрөттөр катышуучулардын орундуктарына коюлат, ал эми бардык «сүрөтчүлөр» биринен экинчисине өтүп, «портреттерди» карап чыгышат. Анан тайпалык рефлексия жүрөт:

• «портреттерди» жаратуу процесси чакырган сезимдерди талкуулоо;

• «натурщиктерде» жаратылган сүрөттөр чакырган сезимдерди талкуулоо, сүрөттөрдү түшүндүрмөлөө жана «портрет» менен макул болуусун же болбоосун билдирүү;

• «сүрөтчүлөрдүн» өз «портреттерин» түшүндүрүүлөрү.

Рефлексиядан соң ар бир «сүрөтчү» «портретти» анда сүрөттөлгөн адамга белекке берет.

*Материалдар:* барактар, карандаштар, фломастерлер.

***«Менде канча адам бар?» көнүгүүсү***

Талкуулоо үчүн Вильям Жеймстин цитатасы сунушталат: «Эки адам кездешкенде, кездешүүгө алтоо катышат: ал өзүн кандай көрсө, ошол экөөнүн ар бири, аны башкалар кандай көрсө, ошол экөөнүн ар бири, жана алар чынында кандай болушса, ошол экөөнүн ар бири».

*Талкуулоо үчүн суроолор:*

• Сиз бул фразаны кандай түшүнөсүз?

• Адамдын жеке аң-сезими ата-энеси, достору, иштеги кесиптештери менен мамилелерине кандайча байланышкан?

***«Прокурор жана адвокат» көнүгүүсү***

Катышуучулар эки топко бөлүнүшөт (эркин). Бир топ «прокурордун», башкасы – «адвокаттын» ролун ойнойт. Топтон кимдир бирөө чек кармап же психологиялык даярдыгына жараша тегеректе отурат. Топ пикир айта баштайт, «адвокаттар» ортодо отургандын оң жактарына көңүл коюшат, аларды күчөтүшөт, тастыктоочу мисалдарды келтиришет, ал эми «прокурорлор» мунун тескерисин жүйөөлөштүрүп далилдешет.

***«Менин портретим» көнүгүүсү***

Катышуучулардын ар бири психологиялык даярдыгына жараша аны тайпа кандай элестетери (кабыл алары), анын ичинде ал тууралуу тайпанын ар бир мүчөсүнүн элестетүүсү кандай экени, ага карата тайпанын сезими жалпысынан кандай экени жөнүндө өз түшүнүгүн билдирүүгө аракеттенет.

Тайпа жамааттык эксперттин ролунда чыгат, бирок катышуучуну түзөтөт, ал өз түшүнүктөрүн тайпанын берилген адамды чыныгы кабыл алуусу менен өтө чоң ажырым болгон учурда гана билдирет.

Педагогдун өзүн кабыл алуунун жана башкалардын кабыл алуусунун өзгөчөлүктөрүн өнүктүрүүгө багытталган көнүгүүлөрдүн төмөнкүдөй шарттарын аныктоо орун алат.

1. Педагог өз аракеттерин, ойлорун жана натыйжаларын баалоого,турмуштан өз ордун табууга мүмкүндүк берет.

2. Аң-сезимден маанилүү айырмаланат, анткени аң-сезим башка тууралуу билим, рефлексия – өзү тууралуу билим .

Пайдаланылган адабияттар:

1. Мириманова М.С. «Рефлексия как системный механизм развития» http//www.researcher/ru.

2. Бачков И.В. Основы технологии группового тренинга. Психотехники: Учебное пособие. — М., 2003.